МОиН

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**«Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

2020-жылдын 18-июнунда — Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене**

«Көзөмөлчүлүк кеңеши жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2014-ж., № 5, 363-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбулада «социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү» деген сөздөр «мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 1-беренеде:

а) биринчи – үчүнчү абзацтар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«**Көзөмөлчүлүк кеңеши (мындан ары – Кеңеш)** – юридикалык жак статусуна ээ болбогон, конкреттүү мекемеде мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү сапаттуу берүүнү өнүктүрүүгө кызыкдар болгондордун баардыгын ыктыярдуу негизде бириктирген мамлекеттик эмес, өкмөттүк эмес, коммерциялык эмес коомдук уюм.

**Мамлекеттик кызмат көрсөтүү** – жеке жана юридикалык жактардын суроо-талабын аткаруу боюнча алардын компетенциясынын алкагында жүзөгө ашырылуучу жана кызмат көрсөтүүлөрдү керектөөчүлөрдүн укуктарын ишке ашырууга, мыйзамдуу кызыкчылыктарын канааттандырууга, же болбосо жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында келип чыгуучу милдеттерди аткарууга багытталган мамлекеттик мекемелердин ишинин натыйжасы.

**Социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик же муниципалдык мекемелер** – ишинин негизги түрү билим берүү, маданият, социалдык коргоо, жазаларды аткаруу жана саламаттык сактоо жаатында мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүү болуп саналган мекемелер.»;

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

«**Гуманитардык жардам** – мамлекеттер, уюмдар жана жеке адамдар тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, мамлекеттик, коммерциялык эмес уюмдарга, ошондой эле муктаж болгон жеке адамга калктын жашоо жана турмуш шарттарын жакшыртуу үчүн азык-түлүк, техника,

**О внесении изменений в Закон Кыргызской Республики «О попечительском совете»**

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики — 18 июня 2020 года

**Статья 1**

Внести в Закон Кыргызской Республики «О попечительском совете» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2014 г., № 5, ст. 363) следующие изменения:

1) в преамбуле слова «социальные услуги» заменить словами «государственные услуги»;

2) в статье 1:

а) абзацы первую – третью изложить в следующей редакции:

«**Попечительский совет (далее – Совет)** – не обладающий статусом юридического лица, негосударственная, неправительственная, некоммерческая, общественная организация, объединяющая на добровольной основе всех, кто заинтересован в развитии качественного предоставления государственных услуг в конкретном учреждении.

**Государственная услуга** – результат деятельности государственных учреждений, осуществляемой в рамках их компетенции по исполнению запроса физических и юридических лиц и направленной на реализацию прав, удовлетворение законных интересов потребителей услуг, либо исполнение обязанностей, возникающих в результате гражданско-правовых отношений.

**Государственные или муниципальные учреждения социальной сферы** – учреждения, основным видом деятельности которых является предоставление государственных услуг в области образования, культуры, социальной защиты, исполнения наказаний и здравоохранения.»;

б) статью дополнить абзацем четвертым следующего содержания:

«**Гуманитарная помощь** – активы, безвозмездно предоставляемые государствами, организациями и физическими лицами Правительству Кыргызской

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Кириш / Входящий № 79871
06 08 2020 г.

Сканировано с CamScanner

7) социалдык чөйрөдөгү мекемелерди каржылоого Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген кошумча булактарды тартууга;

8) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын талабы боюнча өз иши жөнүндө отчетторду берүүгө.»;

6) 6-берененин 1-бөлүгүнүн 2-пункту «ата-энелер бирикмелеринин окулдөрү» деген сөздөрдөн кийин «, ошондой эле гуманитардык жардам көрсөткөн жеке жактар» деген сөздөр менен толукталсын;

7) 7-берененин 3-бөлүгүндө «социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү» деген сөздөр «мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү» деген сөздөргө алмаштырылсын;

8) 10-беренеде:

а) 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кеңеш өз ишин уюштуруу үчүн мыйзамдарга карама-каршы келбеген булактардан гуманитардык жардамды, финансылык жана башка материалдык каражаттарды тартууга укуктуу. Аларды кабыл алуу, эсебин жүргүзүү жана бөлүштүрүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.»;

б) 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын: «Кеңеш тарабынан тартылган акча каражаттарын топтоо жана пайдалануу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.»;

9) 15-берененин 3-бөлүгү «адистер» деген сөздөн кийин «жана эксперттер» деген сөздөр менен толукталсын.

**2-берене**

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

**Кыргыз Республикасынын Президенти** **С. Ш. Жээнбеков**

КАНЦЕЛЯРИЯСЫ №1 КАНЦЕЛЯРИЯ

Бишкек ш.
2020-жылдын 1-августу
№ 105



8) представлять отчеты о своей деятельности по требованию уполномоченных государственных органов.»;

6) пункт 2 части 1 статьи 6 после слов «родительских объединений» дополнить словами «, а также физические лица, которые оказывают гуманитарную помощь»;

7) в части 3 статьи 7 слова «социальные услуги» заменить словами «государственные услуги»;

8) в статье 10:

а) часть 1 изложить в следующей редакции:

«1. Для организации своей деятельности Совет вправе привлекать гуманитарную помощь, финансовые и другие материальные средства из источников, не противоречащих законодательству. Порядок их приема, ведения учета и распределения утверждается Правительством Кыргызской Республики.»;

б) часть 2 дополнить предложением вторым следующего содержания: «Порядок аккумулирования и использования денежных средств, привлеченных Советом, утверждается Правительством Кыргызской Республики.»;

9) часть 3 статьи 15 после слова «специалистами» дополнить словами «и экспертами».

**Статья 2**

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Правительству Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

**Президент Кыргызской Республики** **С.Ш. Жээнбеков**

КАНЦЕЛЯРИЯСЫ №1 КАНЦЕЛЯРИЯ

г. Бишкек
1 августа 2020 года
№ 105

Сканировано с CamScanner

шаймандар, жабдуулар, медициналык каражаттар жана медикаменттер, башка мүлк түрүндө акысыз берилүүчү активдер.»;

3) 3-беренеде:

а) 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Ушул Мыйзамдын 17-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган мекемелерди кошпогондо, социалдык чөйрөдөгү мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде көзөмөлчүлүк кеңештерин түзүү милдеттүү болуп саналат.

Кеңеш башкаруу органынын иш-милдеттерин ушул Мыйзамда белгиленген компетенциянын алкагында жүзөгө ашырат.»;

б) 2-бөлүгүндө «Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү» деген сөздөр «Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 4-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Кеңештин максаты кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнүн, тамак-аш азыктарынын жана дары-дармектердин сапатын, социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишинин айкындыгын, ошондой эле бюджеттик эмес каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.»;

5) 5-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5-берене. Кеңештин ыйгарым укуктары

1. Кеңеш:

1) уюштуруучулар тарабынан социалдык чөйрөдөгү мекеменин өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууга жана кабыл алууга, ошондой эле мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатууга көмөктөшөт;

2) социалдык чөйрөдөгү мекемелерди өнүктүрүүгө гуманитардык жардамды (инвесторлорду, меценаттарды) жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка каржылоо булактарын издөөнү жана тартууну жүзөгө ашырат;

3) социалдык чөйрөдөгү мекемелер үчүн тартылган бюджеттик эмес каражаттардын чыгашалар сметасын аткарууну, ошондой эле тамак-аш азыктарынын жана медикаменттердин сапатын карайт жана көзөмөлдү жүзөгө ашырат;

4) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин өнүгүүсүнүн жана натыйжалуу иштешинин учурдагы жана келечектеги милдеттерин чечүүгө, иштин сапатын жакшыртууга көмөктөшөт.

2. Кеңеш төмөнкүлөргө укуктуу:

1) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин ишин жакшыртуу жана билим берүү, маданият, социалдык коргоо, жазаларды аткаруу жана саламаттык сактоо жаатындагы ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүүгө;

2) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүүгө жана чыңдоого, тамак-ашты уюштуруунун, медициналык кызмат



Республики, органу местного самоуправления, государственной, некоммерческой организации, а также нуждающемуся физическому лицу в виде продовольствия, техники, снаряжения, оборудования, медицинских средств и медикаментов, иного имущества для улучшения условий жизни и быта населения.»;

3) в статье 3:

а) часть 1 изложить в следующей редакции:

«1. Создание попечительских советов в государственных и муниципальных учреждениях социальной сферы является обязательным, за исключением учреждений, определяемых Правительством Кыргызской Республики в соответствии с частью 3 статьи 17 настоящего Закона.

Совет осуществляет функции органа управления в рамках компетенции, установленной настоящим Законом.»;

б) в части 2 слова «социальных услуг» заменить словами «государственных услуг»;

4) часть 1 статьи 4 изложить в следующей редакции:

«1. Целью Совета является содействие повышению качества предоставляемых услуг, продуктов питания и медикаментов, прозрачности деятельности учреждений социальной сферы, а также эффективности использования внебюджетных средств.»;

5) статью 5 изложить в следующей редакции:

«Статья 5. Полномочия Совета

1. Совет:

1) содействует разработке и принятию учредителями стратегии развития учреждений социальной сферы, а также повышению качества предоставления государственных услуг;

2) осуществляет поиск и привлечение гуманитарной помощи (инвесторов, меценатов) и других источников финансирования на развитие учреждений социальной сферы, не противоречащих законодательству Кыргызской Республики;

3) рассматривает и осуществляет надзор за исполнением сметы расходов внебюджетных средств, привлеченных для учреждений социальной сферы, а также за качеством продуктов питания и медикаментов;

4) содействует в решении текущих и перспективных задач, развитии и эффективном функционировании учреждений социальной сферы, улучшении качества работы.

2. Совет вправе:

1) вносить предложения по улучшению деятельности учреждений социальной сферы и совершенствованию нормативных правовых актов в области образования, культуры, социальной защиты, исполнения наказаний и здравоохранения;

2) оказывать содействие в развитии и укреплении материально-технической базы учреждений социальной сферы, обеспечении качества организации питания, оказания медицинских услуг, проведении спортивно-массовых, физкультурно-оздоровительных, социально-культурных, образовательных мероприятий;

Сканировано с CamScanner

көрсөтүүлөрдүн сапатын камсыз кылууга, спорттук-массалык, дене тарбия-ден соолукту чыңдоочу, социалдык-маданий, билим берүү иш-чараларын өткөрүүгө көмөктөшүүгө;

3) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин кызматкерлерин, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүн, ошондой эле кызыкдар уюмдарды, адистерди жана эксперттерди Кеңештин жыйналыштарына чакырууга;

4) мамлекеттик жана башка мыйзам менен корголуучу жашырын сырга кирген маалыматтарды кошпогондо, социалдык чөйрөдөгү мекеменин тиешелүү кызмат адамдарынан ишти (анын ичинде бюджеттен тышкары финансы-чарбалык) жүзөгө ашырууга байланыштуу документтерди же башка маалыматтарды суратып алууга;

5) зарылдыгына жараша Кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен туруктуу жана (же) убактылуу комиссияларды түзүүгө;

6) фискалдык органдар тарабынан социалдык чөйрөдөгү мекемени текшерүүлөрдүн натыйжалары менен таанышууга;

7) финансы-чарбалык иш чөйрөсүндөгү жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдери бузулган учурда туруктуу жана (же) убактылуу комиссиянын, жумушчу топторунун иштеринин жыйынтыктары боюнча ыйгарым укуктуу органга социалдык чөйрөдөгү мекеменин кызмат адамдарына, кызматкерлерине карата тийиштүү чараларды кабыл алуу жөнүндө сунуштарды киргизүүгө;

8) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга, алардын кызмат адамдарына, укук коргоо органдарына зарыл чараларды көрүү үчүн табылган бузуулар жөнүндө материалдарды берүүгө;

9) социалдык чөйрөдөгү мекеменин ишинин маселелери боюнча коомдук пикирди иликтөөгө жана жалпылоого жана алынган маалыматтарды мекеменин ишин өркүндөтүү максатында пайдаланууга;

10) мекеменин ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга байланышкан маселелерди чечүүгө көмөктөшүүгө;

11) мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү берүү маселелери боюнча жарандардын сунуштарын, арыздарын жана даттанууларын кароого катышууга.

3. Кеңеш төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Кеңештин ишинин жылдык планын иштеп чыгууга жана бекитүүгө;

2) өз ишин социалдык чөйрөдөгү мекемелердин администрациялары, алардын уюштуруучулары, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, башка уюмдар жана гуманитардык жардам көрсөткөн жеке жактар менен өз ара тыгыз аракетте жүзөгө ашырууга;

3) социалдык чөйрөдөгү мекемелердин иши жөнүндө коомчулукка маалымдоого көмөктөшүүгө;

4) жалпыга маалымдоо каражаттары жана социалдык чөйрөдөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын веб-сайты аркылуу өз иши, кабыл алынган чечимдери жана алардын аткарылышы жөнүндө коомчулукка маалымдоого;

5) берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүүгө жана аларды өркүндөтүү боюнча өз сунуштарын киргизүүгө;

6) өз иши жөнүндө ар жылдык отчетторду даярдоого жана жалпыга маалымдоо каражаттары же социалдык чөйрөдөгү мекемелердин уюштуруучуларынын расмий веб-сайттары аркылуу коомчулукка маалымдоого;



3) приглашать на заседания Совета работников учреждений социальной сферы, представителей государственных органов, органов местного самоуправления, а также заинтересованных организаций, специалистов и экспертов;

4) запрашивать документы или иную информацию, связанную с осуществлением деятельности (в том числе внебюджетной финансово-хозяйственной), у соответствующих должностных лиц учреждения социальной сферы, за исключением информации, относящейся к государственной и иной охраняемой законом тайне;

5) создавать по мере необходимости постоянные и (или) временные комиссии из числа членов Совета;

6) знакомиться с результатами проверки учреждения социальной сферы фискальными органами;

7) вносить в уполномоченный орган рекомендации о принятии соответствующих мер к должностным лицам, работникам учреждения социальной сферы по итогам деятельности постоянной и (или) временной комиссии, рабочих групп в случае нарушения в сфере финансово-хозяйственной деятельности и норм законодательства Кыргызской Республики;

8) передавать уполномоченным государственным органам, их должностным лицам, правоохранительным органам материалы о выявленных нарушениях для принятия необходимых мер;

9) изучать и обобщать общественное мнение по вопросам деятельности учреждений социальной сферы и использовать полученную информацию в целях совершенствования работы учреждения;

10) содействовать в решении вопросов, связанных с повышением эффективности деятельности учреждения;

11) участвовать в рассмотрении предложений, заявлений и жалоб граждан по вопросам предоставления государственных услуг.

3. Совет обязан:

1) разработать и утвердить план работы Совета на год;

2) осуществлять свою деятельность в тесном взаимодействии с администрациями учреждений социальной сферы, их учредителями, а также с органами местного самоуправления, другими организациями и физическими лицами, которые оказывают гуманитарную помощь;

3) содействовать в информировании общественности о деятельности учреждений социальной сферы;

4) информировать общественность о своей деятельности, принятых решениях и их выполнении через средства массовой информации и веб-сайт государственного уполномоченного органа социальной сферы;

5) проводить анализ эффективности предоставляемых государственных услуг и вносить свои предложения по их совершенствованию;

6) готовить ежегодные отчеты о своей деятельности и информировать общественность через средства массовой информации или официальные веб-сайты учредителей учреждений социальной сферы;

7) привлекать дополнительные источники финансирования учреждений социальной сферы, не противоречащие законодательству Кыргызской Республики;

Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

ТҮП РАЙОНДУК
БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ

ТЮПСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

«22» 10 2021-жыл №246 Түп айылы

**Көзөмөлчүлүк Кеңештин курамын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 2014-жыл30.05№81Мыйзамына,Кыргыз Республикасынын 2020-жыл 01.08 №105 мыйзамынын редакциясына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жыл 09.08№1391/1 буйругун , 2021-жыл 08.10 №08-163 телефонограммасын аткаруу максатында, Арал айылынын тургундарынын арыздарынын жана Түп райондук билим берүү бөлүмүнүн Көзөмөлчүлүк Кеңеши боюнча комиссиянын чечиминин негизинде **буйрук кылам:**

1. Түп районундагы Ж.Ашымов атындагы Арал орто мектебинин Көзөмөлчүлүк Кеңеши төмөндөгүдөй курамда бекитилсин:
   1. Асанов Б
   2. Бердиканова А
   3. Абдымомунова А
   4. Айнанкулова А
   5. Садабаева Ч
   6. Казизова Ч
   7. Сулайманова Ч
2. Бекитилген Көзөмөлчүлүк Кеңешке «Көзөмөлчүлүк Кеңеш жөнүндөгү» Мыйзамдын негизинде Ж.Ашымов атындагы орто мектебинин Өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууга , кабыл алууга жана ишке ашырууга , мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана мектепти өнүктүрүүгө гуманитардык жардамдарды (инвесторлорду, меценаттарды) жана КР мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка каржылоо булактарын издөөнү жана тартууну жүзөгө ашыруу боюнча иш-аракеттерди жүргүзүү милдеттендирилсин.
3. Буйруктун аткарылышын контролдоо Ж.Ашымов атындагы орто мектебинин директору- Г.Жаңыбаевага жүктөлсүн.

Башчы С.Абдылдаев

Сканировано с CamScanner

**Ж.Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим берүү мектебинде 2023-жылдын 15-февралында өтүлгөн ата-энелер комитетинин чогулушунун №2протоколу**

Катышканы: 7

Каралуучу маселелер:

1. Камкордук кенештин мүчөсү Асанов Бакыттын арызын карап чыгуу
2. Камкордук кенешинин бухгалтерин шайлоо.

1. Камкорчулар кенешинин төрайымы Бердиканова Айнура каралып жаткан маселе боюнча камкордук кенешинин курамындагы Асанов Бакыттын арызын карап, анын ордуна башка мүчөнү шайлоону сунуштады.

- Мен, Асанов Бакыт ден соолугума байланыштуу камкордук кенешинин мүчөсү болуп иштей албайм. Иштей албагандыгыма байланыштуу, өз арызым менен камкорчулук кенештин мүчөсүнөн бошотууңузду суранам.

Угулду: Айнанкулова : Ооба, иштей ала турган адамды шайлап алалы. Мен Өмүралиева Нуриланы сунуштайт элем. Ал жоопкерчиликтүү, мектеп менен дайыма тыгыз байланышта, ишти так аткарат.

Сулайманова Ч: Мен да Өмүралиеваны колдойм. ишеничтүү, жоопкерчиликтүү, иштей алат деп ойлойм.

Казизова Ч: Мен да колдойм. Өмүралиеваны курамга кабыл алалы.

Асанов Бакыттын арызын канааттандырып, анын ордуна Өмүралиева Н сунушталды. Абдумомунова, Айнанкулова жана калган мүчөлөрү Өмүралиеванын кандидатурасына каршы эместигин билдиришти.

Бердиканова А: Экинчи маселе боюнча камкорчулар кенешинин бухгалтерин шайлап алалы. Кимди сунуштайсынар?

Айнанкулова С: Мен Абдумомунова Айнураны сунуштайт элем. Жоопкерчиликтүу, ишине так, иштей алат деп ойлойм.

Саадабаева Ч: Мен да Абдумомунова Айнуранын бухгалтер болуп иштөөсүнө каршы эмесмин.

Ата-энелер комитетинин калган мүчөлөрү да каршы эместигин билдиришти.

Сканировано с CamScanner

**Чечим:**

1. Мектептин камкорчулар кенешинин курамы төмөнкүдөй болуп бекитилсин:

Камкорчулар кенешинин төрайымы Бердиканова А.

2.Бухгалтер Абдымомунова А.

Мүчөлөрү:

3. Айнанкулова А.
4. Садабаева Ч.
5. Казизова Ч.
6. Сулайманова Ч.
7. Өмүралиева Н.

2. Камкорчулар кенешинин төрайымы Бердиканова Айнурага банк счетун ачуу милдеттендирилсин.

Камкорчулар кенешинин төрайымы: Бердиканова А

Катчы: Болотбек кызы Айжаркын

Сканировано с CamScanner

Ж. Ашымов атындагы №20 Арал жалпы орто билим беруу мектебинин камкорчулар кенешин түзүү боюнча мектепте жасалган иштер боюнча маалыматы.

Кектепте камкорчулар кенешин түзүү үчүн ар бир класстын ата-энелер группасына кулактандыруу жарыяланып, ошонун негизинде иштейм деген 33 ата-эненин арызы жана резюмеси Түп райондук билим беруу бөлүмүнө өткөрүлгөн. Бул ата-энелердин ичинен 7 ата-эне тандалып, райондук билим берүү бөлүмүнүн буйругунун негизинде камкорчулар кенешине төмөндөгү ата-энелер шайланды.

1. Асанов Б камкорчулар кенешинин төрагасы
2. Бердиканова А-мүчөсү
3. Айнанкулова С-мүчөсү
4. Абдымомунова А
5. Садабаева Ч
6. Казизова Ч
7. Сулайманова Ч

Азыркы учурда мектептин уставына толуктоолорду киргизип, мектептин өнүгүү планын иштеп чыгуунун үстүндө иштеп жатабыз.

Мектеп директору Жаныбаева Г. А

Сканировано с CamScanner

# Резюме

1. Аты –жөнү: Асанов Бакыт Кенешбекович
2. Туулган жылы: 1963-жыл, 3-июнь
3. Туулган жери Түп району, Арал айылы
4. Жашаган жери : Түп району, Арал айылы
   Имадыл көчөсү №17
5. Улуту : кыргыз
6. Билими: орто
7. Жакшы сапаттары: Токтоо, жоопкерчиликтүү , боорукер
8. Иштеген жери: Дыйкан чарба
9. Үй бүлөлүк абалы: Үй бүлөлүү, 4 баланын энеси.
10. Байланыш телефону: 0707 434 163

Сканировано с CamScanner

Түп райондук билим берүү
бөлүмүнө Арал айылынын тургуну
Асанов Бакыттан.

Арыз

Мен сизге арыз жазганымдын себеби, мени самоорукулар кеңешине кабыл алууңузду суранам.

Арыз ээси: Асанов Бакыт

Сканировано с CamScanner